**СУНУШТАМА**

## СУУ РЕСУРСТАРЫ ЖАНА ЖЕРДИ БАШКАРУУ боюнча

## 6 - ЖЫЙЫНЫ

Парламенттик Ассамблея**:**

Дүйнөдөгү суу ресурстарынын жана жерлеринин чектелүү экендигине жана калктын саны өсүп жаткандыгына байланыштуу, суу ресурстарын жана жерди сактоо жана башкаруу биринчи кезектеги мааниге ээ экендигин ***тастыктап***;

Коронавирус оорусунун (COVID-19) жайылышына жана анын адамзатка жана айлана-чөйрөгө, айрыкча суу ресурстарына жана жерге тийгизген таасирине өзгөчө сезимталдык менен ***мамиле кылып;***

Жакында жайылган COVID-19 пандемиясынын айлана-чөйрөгө терс жана оң таасирин тийгизип жаткандыгын ***эскертип;***

Топурактын жана суу объектилеринин кычкылдануу деңгээлинин жогорулашын, биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголушун, топурактын эрозиясынын көбөйүшүн, таштандылардын жана булгануунун көбөйүшүн камтыган экологиялык кесепеттерге байланыштуу коопттонууларды ***эске алып;***

Эл аралык кызматташтыктын жана ТҮРКПА мүчө өлкөлөр да кошулган жана кабыл алган суу ресурстары жана жерди башкаруу менен байланыштуу эл аралык конвенциялардын жана мыйзамдардын маанилүүлүгүн ***белгилеп;***

Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (FAO), БУУнун Айлана-чөйрөнү коргоо программасы (UNEP), Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (WHO) жана башка суу жана жер маселелери менен алектенген БУУнун адистештирилген мекемелеринин ишмердүүлүгүн ***колдоп***;

Эл аралык демилгелер боюнча жерди жана сууну туруктуу башкаруу боюнча консолидацияланган келишимдин жана иш-аракеттердин негиздеринин жоктугунан улам, эффективдүү жана натыйжалуу интеграциялоонун шашылыш зарылдыгын ***белгилеп;***

Ушул Комиссиянын отчетунун кириш бөлүгүндө көрсөтүлгөн экологиялык маселелер жана суу ресурстарын жана жерди башкаруу маселелери боюнча Комиссиянын отурумдарынын беш сунушун жана ТҮРКПА Катчылыгы өткөргөн семинарлардын үч корутунду отчетун ***эскертип;***

Жаратылыш ресурстарын, анын ичинде сууну жана жерди сактоону жана башкарууну камсыз кылууда мыйзамдар жагынан парламенттердин чечүүчү ролун ***эске алып***;

Ассамблея ТҮРКПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттерине төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

a) а) суу ресурстарын жана жерди башкаруу маселелерин, андан кийин мүчө өлкөлөрдүн ортосунда мыйзамдарды шайкеш келтирүү жана жакындаштыруу менен байланышкан укуктук базаны ***өркүндөтүү;***

b) б) курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мыйзамдарды, анын ичинде суу ресурстарын жана жерди башкарууну эл аралык кабыл алынган айлана-чөйрөнү коргоонун стандарттарына ***шайкеш келтирүү;***

c) в) COVID-19 пандемиясы учурунда же ушул сыяктуу кырдаалда, айрыкча мыйзам чыгаруу жаатында, мүчө өлкөлөрдүн ар кандай тиешелүү структураларынын ортосундагы кызматташтыктын жана иш-аракеттердин синхрондоштурулушунун ***жолдорун издөө;***

d) г) келечектеги негизги көйгөйлөрдү жана андан аркы иш-аракеттерди аныктоо үчүн эксперттердин жана юристтердин ортосунда туруктуу негизде консультацияларды **өткөрүп туруу;**

e) д) калктын социалдык активдүүлүгүн жогорулатуу жана өкмөттүк эмес уюмдар менен тыгыз кызматташуу, өлкө үчүн маанилүү жана стратегиялык милдеттери болгон суу ресурстарын жана жерди сактоо үчүн жоопкерчиликти түшүнүүнү ***калыптандыруу;***

f) е) тиешелүү тармактарда ТҮРКПА мүчө өлкөлөрдүн кызматташтыгынын артыкчылыктарын ***аныктоо;***

g) ж) маалымат жана тажрыйба алмашуу, окутуу жана биргелешкен изилдөө программалары сыяктуу тармактарда аймактык жана эки тараптуу кызматташтыкты ***бекемдөө;***

h) Түркияда түрк тилдүү өлкөлөрдүн биргелешкен үрөн гендик банкты түзүүнү ***кароо*** жана бул жаатта тиешелүү кадамдарды ***жасоо***;

i) мүчө өлкөлөрдө суу ресурстарын жана жерди натыйжалуу пайдаланууга байланыштуу мыйзамдарды ***изилдөө***, тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдарды жакындаштыруу максатында тиешелүү документтерди ***топтоо*** жана ***талдоо***.